PLITONIT

Plitonit Deutsche Qualität

## ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

# PLITONIT Эстрих — жарым кургак тегиздөө катмары түзмөдө аралашманын технологиялуулугун арттыруучу кошумча




Өнүм жарым кургак тегиздөө катмарын, тротуар плиткаларын, бетон таштарын жана жээкташтарды даярдоодо суу-цемент катышы төмөн болгон аралашмаларды сүйкөө, тегиздөө жана жылмалоо иштеринин технологиялуулугун арттыруу үчүн колдонулат.

**Таңгактоо — 10 л пластик челек.**

- тегиздөөнү жеңилдетет
- бекемдигин жогорулатат
- цементтин чыгымын 10–20% азайтат
- беттин сапатын жакшыртат

**Материалдын сарпталышы**

100 кг цементке 1–1,5 л

**Колдонуу ыкмасы**

Кошулма аралаштыруучу суу менен бирге киргизилип, цемент бөлүкчөлөрүнүн толук нымдалышын камсыз кылат, натыйжада цемент ташы тегиздөө катмарынын бүт калыңдыгы боюнча түзүлөт. Жарым кургак тегиздөө катмарын талап кылынган коюулукка жеткирип. бекемдигин жоготпош үчүн, цементтин көлөмүн 10-20% азайтсаңыз, суунун өлчөмүн ошол бойдон калтырыңыз. Мындайда цементи азайтылып PLITONIT Эстрих кошулган аралашманын бекемдиги, эч кандай кошумчасы жок баштапкы аралашманын бекемдиги менен бирдей деңгээлде сакталат. Кошумчаны кургак аралашмага түздөн-түз кошпоңуз.

Жарым кургак тегиздөө катмарын төшөөдө аралашманы полиэтилен пленкасынан же пенополистиролдон жасалган ажыратуучу катмардын үстүнө төшөө керек. Мындан тышкары, тегиздөө катмары менен дубалдардын, түркүктөрдүн жана түтүктөрдүн ортосуна демпфердик лентаны коюп, аларды бири-биринен ажыратып бөлүү зарыл.

**Тегиздөө катмарына кам көрүү.** Иш учурунда жана тегиздөө катмарын түптөп бүткөндөн кийин, температураны +5°Стан +30°Ска чейин, ал эми абанын нымдуулугун 60% кем эмес деңгээлде сакташ керек. Кийинки 3 сутка бою тегиздөө катмарынын бетин түз тийген күн нурларынан жана ары-берген жүргөн шамалдан коргоо зарыл.

**Негизги артыкчылыгы**

Аралашма шлангдар аркылуу жеңил өтөт, иш убактысы кыскарат жана чоң аянтты тез тегиздөөгө шарт түзөт. Ошондой эле бул беттин сапатын жакшыртып, тегиздөө катмарынын бекемдигин арттырат.

**Кошумча касиеттер**

- Цементти сарптоону азайтууга мүмкүндүк берет
- Жарым кургак тегиздөө катмарын даярдоочу жана төшөөчү жабдуулардын (аралаштыргычтын калактары, шлангдардын бириккен жерлери, тегиздөөчү машиненин диски жана устанын аспаптары) эскирүүсүн азайтып, алардын бышыктыгын узартат
- Жука катмарда (20 мм баштап) жаракага туруктуулугун жогорулатат
- ПЛИТОНИТ Антифриз тоңууга каршы кошумчасы менен биргелешип колдонгондо, төмөнкү жана терс температураларда иштөөгө мүмкүндүк берет. Мында кошумчаларды жумушчу аралашмага өзүнчө киргизүү зарыл: алгач тоңууга каршы кошумчаны, андан кийин Эстрих кошумчасын кошуу керек.

**Жарым кургак тегиздөө катмарынын стандарттуу рецепти (200 л)***

| | |
|---|---|
| Цемент | 40-50 кг |
| Кум | 200 кг |
| Суу | 18-22 л |
| Фибра | 50 г |
| PLITONIT Эстрих кошулмасы | 400-500 мл |

*акыркы пропорциялар колдонулган материалдардын мүнөздөмөлөрүнө жана кошулманы колдонуу максатына жараша аныкталат

**Техникалык мүнөздөмөлөрү**

| | **Минимум** | **Максимум** |
|---|---|---|
| Өңү | ак | ак |
| Тыгыздоо, кг/м$^3$ | 990 | 1020 |
| Кургак калдык, % | 8 | 11 |
| Аралашманын РН | 4 | 9 |
| Эң ылайыктуу дозалоо, цементтин салмагынан, % | 1 | 1,5 |

**Сактык чаралары**

Кошумча ГОСТ 12.1.007 стандарты боюнча кооптуулуктун 4-классына (өтө кооптуу эмес заттар) кирет. Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек. Кошумча териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек. БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!

**Ташуу жана сактоо шарттары**

+5°Стан төмөн эмес жана +40°Стан жогору эмес температурада, оозу бекем жабылган идиште, тике тийген күн нурларынан коргоп ташуу жана сактоо керек.

**Курамы**

Суу, поликарбоксилат эфирлери, өзгөртүүчү кошулмалар.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиги**

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда кошулманын ТУ 20.59.57-234-51552155-2020 талаптарына шайкештигине кепилдик берет.

Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Өндүрүүчүнүн идишинде кепилденген сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып: 24 ай.

**10 л челек үчүн логистикалык маалыматтар:**

Жеке штрих-код: 4607013045200

Паллеттеги челектердин саны: 40 даана